# А.П.Гайдар атындагы №10 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чаралардын отчету

2021-2022-окуу жылы башталгандан баштап эле кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча А.П.Гайдар атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата бир айлык иш планы түзүлдү.

Сентябрь айында усулдук бирикменин чогулушу болуп кыргыз тили айын өткөрүү боюнча иш-чаралардын планы түзүлдү.

Сентябрь айында Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча бир кыйла иш-чараларды өткөрдүк.

Тил жумалыгы башталары менен эле биз “Мамлекеттик тил” боюнча учкул сөздөр,ураандарды илдик.Ошону менен бирге иш-планыбызда бекитилген иштер боюнча график иштеп чыгылып,ал графикти илип койдук.

20-сентябрь күнү “Тилим жүрөгүмдө”, “Менини Кыргызстаным” деген темада дубал газеталар 7-11-класстар арасында жана 1-6-класстар арасында сүрөт сынагы уюштурулуп,алар илинди.

23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүнөкарата КР сынын атрибуттарын илдик.

23-сентябрь-Мамлекеттик тил күнүн күнүн белгилеп мектепте линейка көрүнүш көрсөтүлүп,Мекенге болгон сүйүү,кыргыз тилине болгон сүйүү жана мамилелер чагылдырылды.

“Тил элдин байлыгы жана баалуулугу” деген темада шаардык деңгээлде 9-11-класстарарасында дилбаян сынагы болуп өттү.Ага биздин окуучуларыбыз да катышышты.Ал дилбаян сынагы мерия тарабынан уюштурулду.

“Тил-элдин жүзү”деген темада 1-отябрь күнү 11-класстын класс жетекчиси Бердибаева Ч.Г. класстык ачык сабак өттү.Сабакта жаңы усулдар колдонулуп,тилдин улуулугун,Мекндин кымбаттыгын слайд жасап окуучулпрга көрсөттү.Сабак көрсөтмөлүү болуп,өтө кызыктуу болду.

8-октябрда “Улуттун улуулугу тилинде” көркөм окуу сынагы болуп өттү.Ага кыргыз тили жана адабияты мугалими Нурматова М.М. жетекчилик кылды.Анда окуучулар мекен,тил,эне жөнүндө жазылган чыгармаларды көркөм окушту.

15-октябрда кыргыз элинин салттуу оюндарын жандандыруу максатында “Кыз –жигит” сармерден оюнун өткөрдүк.Ага кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Жолчуева А.Ж жана Турдубаева М.К. жетекчилик кылышты.Ага 8-11-класстын өнөрлүү кыз-жигиттери катышты.

Анда:

-“Манас” айтуу

-Жаңылмач

-Обондуу ыр

-Көркөм окуу

-Акыйнек айтуу

-Табышмактар камтылган

Биз бул иш-чараларды өткөрүү аркылуу окуучуларды эне тилин сүйүүгө,мекенин сүйүүгө,кыргыз элинин каада-салттарын,маданиятын кийинки муундарга жеткирүүгө жана көздүн карегиндей сактоого тарбиялайбыз.

Декабрь айынын башында эле “Манас” күнүн белгиледик.Биз бул күнгө карата Жаш манасчыларыбызга “Манас”айтуу боюнча конкурс уюштурулуп,”Манас”эпосунан үзүндүлөр айтылып,эң мыкты манасчыларыбызга кызыктыруучу сыйлыктар берилди.Окуучуларды “Манас” айттыруу менен бирге кыргыз элинин наркын, салтын, асыл баалуулуктарын кеңири билдирүү,жеткирүү болуп эсептелет.

12-декабрь Ааламдын алп жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата 11-класстын окуучулары жыйын өткөрүштү.Анда Чыңгыз Айтматовдун өмүрү,чыгармачылыгы чагылдырылган ценарий түзүлүп,окуучулар тарабынан эң сонун чыгармалар аткарылды жана көркөм чыгармалар окулду.

Кыргыз элинин нарктуу баалуулуктарын сактоо максатында 5-март “Ак калпак” күнүн белгилеп жыйын өткөрүлдү.Буга 9-класстын окуучулары даярдык көрүштү.Анда алар калпактын түрлөрү жана башка нерселери боюнча сүйлөштү.

Ошондой эле кыргыз элинин каада- салт,үрп- адаттарын бекем сактоо максатында 21-март Нооруз майрамы белгиленди.Майрамга карата иш-чаралар өткөрүлдү.

1.Жалпы улуттук тамак-аш конкурсу уюштурулду.

2.Улуттук оюндар.

3.”Нооруз” деген темада көргөзмө сынагы уюштурулду.

“Нооруз” майрамын 11-класстын окуучулары уюштурушту.Ар бир класска ар түрдүү номерлерди бөлүштүрүп беришти.

Мен усулдук бирикменин жетекчиси катары айтып кетээр элем ,ушул ар бир өткөрүлгөн иш-чараларыбыз Мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө зор салымын кошуп жатат деп ойлойм.Себеби балдар ушул иш-чаралар аркылуу улуттук тилдин наркын ,баркын улуттук каада-салттарыбыз менен сактап, кийинки муундарга өткөрүп беребиз деген ойдомун.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Турдуева М.К.